**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА

BULLETIN OF OSH STATE UNIVERSITY

**ISSN: 1694-7452** **e-ISSN: 1694-8610**

№1/2025, 104-121

***ИСТОРИЯ***

**УДК:**
**DOI:** 10.52754/16948610_2025_1_10

# БАСМАЧЫЛАР КЫЙМЫЛЫНЫН БАШТАЛЫШЫНДАГЫ ПАНИСЛАМДЫК ЖАНА ПАНТҮРКЧҮЛДҮК ФАКТОРЛОР

ПАНИСЛАМИСТСКИЕ И ПАНТЮРКИСТСКИЕ ФАКТОРЫ В ВОЗНИКНОВЕНИИ БАСМАЧЕСКОГО ДВИЖЕНИЯ

PAN-ISLAMIST AND PAN-TURKIST FACTORS IN THE EMERGENCE OF THE BASMACHI MOVEMENT

**Жаркынбаев Талайбек**
*Жаркынбаев Талайбек*
*Zharkynbaev Talaibek*

**т.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.и.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Associate Professor, Osh State University*
zharkynbaev.talaibek@maili.ru

---

**Разак уулу Дастанбек**
*Разак уулу Дастанбек*
*Razak Uulu Dastanbek*

**Ph.D., Ош мамлекеттик университети**
*Ph.D., Ошский государственный университет*
*Ph.D., Osh State University*
dastanrazakuulu@gmail.com
ORCID: 0000-0002-5326-2931

---

**Алымбаев Жээнбек**
*Алымбаев Жээнбек*
*Alymbaev Zheenbek*

**т.и.д., профессор, Кыргыз-Түрк “Манас” университети**
*д.и.н., Кыргызско-Турецкий университет “Манас”*
*Professor, Kyrgyz-Turkish Manas University*
jeenbek.alymbaev@manas.edu.kg

# БАСМАЧЫЛАР КЫЙМЫЛЫНЫН БАШТАЛЫШЫНДАГЫ ПАНИСЛАМДЫК ЖАНА ПАНТҮРКЧҮЛДҮК ФАКТОРЛОР


**Аннотация**

1917-жылдын февраль төңкөрүшүнөн соң монархиядан республикалык башкарууга өткөн Убактылуу бийлик Түркстанда демократиялык процесстердин башталышына абдан ыңгайлуу шарттарды түзүп берди. Мурда түркстандыктардын тарыхында эч качан мындай саясий мүмкүнчүлүк болгон эмес. Саясий демократиялык процесстердин натыйжасында Түркстандагы жергиликтүү диний лидерлер аймакта башкаруу укугуна ээ болууга, абдан жигердүүлүк менен умтулгандыгын, бир топ тарыхый булактар айгинелеп турат. Анткени Түркстанда теократиялык (диний) формадагы мамлекеттик башкаруу идеяларын камтыган программалары, динге сугарылган жергиликтүү калктын калың катмары тарабынан колдоого алынган. Бирок, бул умтулууларды октябрда бийлике келген большевиктер тарабынан четке кагылып, алардын саясий уюмдашуусун катаал жол менен жок кылынган. Фергана өрөөнүндө узака созулган басмачылык кыймылдын келип чыгышына так ушул тарыхый объективдүү жана субъективдүү себептер чоң рол ойногондугун, бир топ илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыгы тастыктап турат. Панисламдык жана пантүркчүлдүк факторлор Орто Азия аймагында Кеңеш бийлигине каршы 1918-жылдан 1930-жылдардын орто ченине чейин басмачылар кыймылынын идеологиясы катары доминанттык ролду ойногондугу талашсыз.


***Ачкыч сөздөр:*** Басмачылык кыймыл, Түркстан автономиясы, панисламизм, пантүркизм, Фергана өрөөнү

## *ПАНИСЛАМИСТСКИЕ И ПАНТЮРКИСТСКИЕ ФАКТОРЫ В ВОЗНИКНОВЕНИИ БАСМАЧЕСКОГО ДВИЖЕНИЯ*


**Аннотация**

После Февральской революции 1917 года Временное правительство, перешедшее от монархического правления к республиканскому, создало весьма благоприятные условия для начала демократических процессов в Туркестане. Никогда прежде в истории Туркестана не было такой политической возможности. Как свидетельствуют многие исторические источники, в результате политико-демократических процессов местные религиозные лидеры Туркестана активно стремились получить право на управление в регионе. Потому что в Туркестане программы, содержащие идеи теократической (религиозной) формы правления, поддерживались массами местного населения, погруженными в религию. Однако эти стремления были отвергнуты пришедшими в октябре к власти большевиками, а их политическая организация была жестоко разрушена. Результаты ряда научных исследований подтверждают, что эти исторические объективные и субъективные причины сыграли большую роль в зарождении длительного басмаческого движения в Ферганской долине. Конечно, панисламский и пантюркистский факторы, несомненно, сыграли доминирующую роль в идеологии басмаческого движения против Совета в Средней Азии с 1918 по середину 1930-х годов.


***Ключевые слова:*** Басмаческое движение, Туркестанская автономия, панисламизм, пантюркизм, Ферганская долина

## *PAN-ISLAMIST AND PAN-TURKIST FACTORS IN THE EMERGENCE OF THE BASMACHI MOVEMENT*


**Abstract**

After the February Revolution of 1917, the Provisional Government, which switched from monarchical to republican rule, created very favorable conditions for the beginning of democratic processes in Turkestan. Never before in the history of Turkestan had there been such a political opportunity. As many historical sources testify, as a result of political and democratic processes, local religious leaders in Turkestan actively sought the right to govern in the region. Because in Turkestan, programs containing ideas of theocratic (religious) form of government were supported by the masses of the local population immersed in religion. However, these aspirations were rejected by the Bolsheviks who came to power in October, and their political organization was brutally destroyed. The results of a number of scientific studies confirm that these historical objective and subjective reasons played a major role in the birth of the long Basmachi movement in the Ferghana Valley. Of course, pan-Islamic and pan-Turkist factors undoubtedly played a dominant role in the ideology of the Basmachi movement against the Soviet in Central Asia from 1918 to the mid-1930s.


***Keywords:*** Basmachi movement, Turkestan autonomy, pan-Islamism, pan-Turkism, Fergana Valley

**Киришүү**

**Маселенин актуалдуулугу.** Фергана өрөөнүндө жашаган калк, алардын ичинен отурукташкан кыргыздар негизинен ислам динин тутунган. Диний башкаруу чөйрөсу жергиликтүү калктын ичинде абдан таасирдүү болгон. Шариаттын нормалары социалдык жашоо турмуштун бардык тарабын, тагыраак айтканда каада-салттарын, үрп-адаттарын, маданиятын, билим берүүнү, сот иштерин жөнгө салып, тескеп турган. Диний башкаруу чөйрөсү культтук эле эмес, саясий функцияны мыкты аткарган. Себеби бул диний уюмдун материалдык-каржылык базасы абдан бекем эле.

Диний башкаруу чөйрөнүн айрым катмарлары эң ири феодалдык жер ээлери болгон. Вакуфтун эбегейсиз мүлкү ушулардын колунда болгон. Вакуф мүлкүнөн түшкөн пайданын эсебинен ар кандай диний, маданий-агартуучулук уюмдар каржыланып кармалып турган жана ар түрдүү коомдук иштер субсидияланган. Шариат боюнча вакуф мүлкүнөн кирешеси, вакуфнаменин белгилүү бир тартиптерине ылайык жумушалган. Падышалык администрация вакуфтардын ишмердүүлүгүнө эч кандай тоскоолдук кылган эмес. Ал эми Кеңеш бийлиги исламдын эрежелери менен жашаган калктын жашоо образын түп тамырынан бери модернизациялоону каалаган. Ал эми таасирдүү диний башкаруу чөйрөсүнүн түпкү кызыкчылыгына, комунистердин таңуулаган диний башкарууга каршы саясаты таптакыр дал келбейт эле. Натыйжада конфронтациялык кырдаал, Кеңеш бийлигине каршы басмачылардын кыймылын жаратты. Басмачылардын кыймылын шыктандырган панисламдык жана пантүркчүлдүк идеологиянын тарыхы XIX кылымдын экинчи жарымынан башталган.

Панисламдык кыймыл бардык мусулмандарды теократиялык мусулман мамлекеттерине бириктирүү максатын көздөгөн исламчыл диний саясий идеология.

Ал эми түркчүлдүк - бул түрк тилдеринде сүйлөгөн элдердин түпкү маданий-этностук тектештигин даңазалоо, аларды бириктирүү, түрк мамлекетинин карамагына баш коштуруу максатын көздөгөн XIX-кылымдын аягы - XX кылымдын башында айрым түрк элдеринин арасында пайда болгон улуттук идеология. XX кылымдын башында Түркияда улуттук буржуазия табынын калыптануусу, пантүркчүлдүк идеясынын кеңири жайылышын шарттаган.

Жергиликтүү калктын оруссиянын оторчулук саясатына жана Кеңеш бийлигине каршы элдик толкундоолорду координациялаган панислам, пантүркчүлдүк идеологиядан башка улуттук мамлекеттүүлүк идеяларды көтөрүп чыккан жергиликтүү саясий күчтөр болгон эмес.

1990-жылдардын аягында комунисттик идеология ыдырап, Орто Азия элдеринин эгемендиги менен жарыша, коомдук идеологиялык боштугунда кайрадан ислам фундаментализми[1] жанданды. Пантүркчүлдүктүн мазмуну акырындык менен трансформацияланып, түрк элдеринин шериктештиги сыяктуу түрк дүйнөсүнүн алкагында, биргеликтеги маданий өнүгүү модели жаралгандай. Ал эми панислам идеологиясына үндөшүп турган учурдагы радикалдык ислам агымдары Ооганстан жана араб өлкөлөрүнөн Орто Азия калкына “экспортолуп” келгендей. Максаттары Борбордук Азия чөлкөмүндө ислам мамлекетин (халифат) куруу. Бүгүнкү күнү Борбордук Азия өлкөлөрүнүн конституциялык

[1] Постколониализмдин шарттарында ислам фундаментализми – мусулмандардын ислам диндеги курандын жана башка ыйык китептердин талаптарын так сактоого кайтып келиши, ошондой эле “мусулман жерлерин колонизаторлордон бошотуу” зарылдыгын жарыялаган кыймыл.

түзүлүшүнө бүлүк салган ислам фундаменталистери өздөрүнүн террордук актылары менен постсоветтик аймакта кооптуу абалды жаратты.

**Илимий концепциялар:** Фергана өрөөнүндөгү басмачылардын кыймылына карата бир канча илимий концепциялар бар. Алардын ичинен таптык күрөш теориясынын алкагында иштелип чыккан советтик концепция бүгүнкү талапка таптакыр жооп бербейт. Алардын догмалык таңулоолорун, постсоветтик мейкиндикте жаралган тарыхый архив булактарынын негизиндеги жаңы багыттагы иликтөөлөр четке кагып келет. Мисалы, советтик тарых наамада бул кыймыл буржуазиянын, диний чөйрөлөрдүн жана бай-манаптардын реакциячыл багыттагы кыймылы катары карап, аны пролетариат табынын бийлигин кулатып, өздөрүнүн үстөмдүгүн орнотууга далалаттанган таптык күрөштүн бир формасы катары чагылдырышат. Ошондой эле Фергана өрөөнүндө Кызыл Армиянын басмачыларга гана эмес, чет элдик империалисттик интервенциянын аракеттерине каршы күрөшүн даңазалаган.

1980-жылдардын ортосунда «социалисттик коомдун» социалдык-экономикалык, саясий жана маданий гана эмес, илимий-идеологиялык ресурстардын да актуалдуулугу жоголуп бара жаткандыгы бүткүл дүйнөгө маалым болгон. Анткени тоталдык кризиске кабылган коомдун жаңыланышына, жаңы реформаларга үмүт байлаган СССРдин кайра куруу саясаты, тескерисинче советтик империянын түп-тамырынан кыйрашын тездетти. Түркстандагы басмачылык кыймылды изилдөөнүн акыркы этабы (1985-2024) дал ушул кайра куруу саясатынан баштап, эгемендүүлүк доорундагы постсоветтик айрым өлкөлөрдүн илимий изилдөөлөрүн камтыйт.

Плюрализмдин шартында бул кыймылды алгачкылардан болуп өзбекстандык тарыхчылар көмүскөдө жаткан архивдик материалдардын негизинде, түркстандык эмигранттар, батыш советологдордун эмгектерине таянуу менен, улуттук-боштондук кыймыл катары баалоо менен жаңы концепцияны иштеп чыгышты. Өзбекстандык тарыхчылар тарабынан Советтик мезгил да толугу менен россиянын колониялдык доорунун уландысы катары каралып, кескин сынга алынды.

Жаңы багыттагы изилдөөлөрдүн алкагында басмачылар маселеси да кыймыл катары каралып, жаңыча көз караштарды чагылдырган илимий, публицистикалык өңүттөгү макалалар жана илимий эмгектер байма-бай чыга баштады. Алардын негизги идеясында өзбек улутунун көз карандысыздыкка жетүүгө умтулуу, прогрессивдүү жадиддик саясий уюмдарынын эгемендүү Түркстан автономиясын куруу маселелери камтылган. Ошондой эле “уламалардын” өз алдынча диний теократиялык башкаруу формасындагы мамлекет курууга далалаттанган улуттук-боштондук кыймылдар сыяктуу советтерге каршы зобологдуу окуяларды андан ары жаңы тарыхый булактар менен изилдөөнү тереңдеттүү маселелери сунушталды. Окумуштуу тарыхчылар Н.Г.Хидоятова, К.К Раджабов, С.Агзамхужаев, Д.Х.Зияева, Д.Ф.Курбанов, Н.А.Норжигитова жана башкалардын илимий диссертациялык изилдөөлөрүнүн натыйжасында калыптанган концепция, эгемендүү Өзбекстан республикасынын улуттук кайра жаралуу доорундагы өзгөчө саясий жана идеологиялык феномен болуп калды.

Ал эми оруссиялык окумуштуулар да басмачылардын кыймылы боюнча айрым актуалдуу маселелерди камтыган тарыхый изилдөөлөргө маани берип, жаңы көз-караштарды жаратуу менен, жалпы тарыхнааманын кенемтесин толуктап келгендигин баса белгилөө зарыл. Советтер Союзу кулагандан соң оруссиялык С.П. Панин, А.И. Пылев, Д.В. Шевченко

Ю.Папоров жана башка айрым окумуштуулар идеологиялык догмаларды кескин сынга алып, архив фондунда катылып жаткан архив маaалыматтарына, Орто азия өлкөлөрдөгү окумуштуулардын, эмиграннтардын эмгектерине таянуу менен, басмачылар феноменине бир беткей идеалдаштыруудан оолак, принципиалдык, орток (централистские) позицияда реалдуу баа беришкен. Оруссиялык окумуштуулар деле басмачылар кыймылын көзөмөлдөп, башкарып турган панислам, пантүркчүлдүк факторлорду жокко чыгарбайт.

Орто Азиядан Түркияга эмиграцияланып барган З.В.Тоган, А.В.Байсун, И.Йаркын, Н.Девлет, Б.Хайит жана Түркиялык А.Бадемжи сыяктуу изилдөөчүлөр басмачылар кыймылын, Түркстан элинин комунистерге каршы боштондук кыймыл катары баалаган. Булардын айрымдары кыймылга түздөн-түз катышып, башынан өткөн окуяларды жазып калтырса, айрымдары кыймылдын субъектеринен маек алып, алардын эскерүүлөрүн жазган. Алардын пикиринде басмачылар кыймылындагы панислам, пантүркчүлдүк идеялар улуттук боштондук кыймылдын негизги идеологиясына айлангандыгына басым жасашкан.

Кыргызстандын илимий чөйрөсүндө басмачылардын кыймылы боюнча бир беткей пикир жок. Окумуштуулардын басымдуу бөлүгү мурдагы эле советтик таптык күрөш теориясын жактайт. Айрым окумуштуулар өзбек окумуштуулары тарабынан сунушталган улуттук-боштондук кыймыл концепциясынын негизинде, жаңы илимий позициядагы иликтөөлөрүн Кыргызстан тарыхынын алкагында жарыялай баштады.

**Изилдөөнүн ыкмалары:** Басмачылар кыймылында панисламдык жана пантүркчүлдүк факторлорунун обьективдүүлүгүн, илимий изилдөөнүн ыкмалары камсыз кылат. Негизинен биздин илимий изилдөөбүз *тарыхый-салыштыруу тарыхый-хронологиялык, тарыхый-генетикалык, ыкмалары* колдонулат.

*Тарыхый-салыштырмалуулук ыкмасы* тарых илиминдеги негизги котегориялык ыкмалардын бири. Окуялардын жүрүшүн, кабыл алынган чечимдерди салыштыруу аркылуу обьективдүүлүккө жетүүгө жол ачылат. Салыштыруунун объективдүү негизи болуп коомдук өнүгүүдөгү кайталанып туруучу, ички мыйзам ченемдүүлүк процесси чоң роль ойнойт. Ал тарыхый обьектерди же кубулуштарды салыштыруу аркылуу алардын жалпылыктарын жана өзгөчөлүктөрүн аныктоодо жана тарыхый кубулуштардын ар кандай тарыхый өнүгүү этаптарын үйрөнүүдө колдонулат.

Тарыхый-салыштыруу ыкмасынын алкагында басмачылар кыймылы боюнча сафаровчулардын, советтик тарыхчылардын, батыш советологдордун, түркиялык окумуштуулардын, саясий эмиграннтардын, постсоветтик өлкөлөрдөгү, анын ичинен Өзбекстандын, Оруссиянын, Кыргызстандын окумуштууларынын тарыхнаамасында кандай баа берилди? Калыптанган концепциялардын ички маани-мазмуну, идеялары жана ээлеген илимий позициялары боюнча бири-бирине салыштыруу аркылуу талдоо жүргүзүлдү.

*Тарыхый-хронологиялык ыкма* изилдөөнүн эң маанилүү ыкмаларына кирет. Ал тарыхый окуяларды жана тарыхый кубулуштарды убактылуу өзгөрүүлөрдүн призмасы аркылуу бир катар баскычтар менен кароого мүмкүндүк берет. Аталган ыкма окуялардын хроникасын, фрагменттерин жана тарыхый хронологиясын түзүүдө, тарыхый процесстердин чынжырчасын реконструкциялоодо колдонулат. Маселен, панислам, пантүркчүлдүк идеялардын өнүгүшүнүн эволюциясынын хронологиялык алкака салынышын атоого болот.

*Тарыхый-генетикалык ыкма.* Конкреттүү кубулуштардын генезисин (келип чыгышы, өнүгүү этаптары) изилдөөгө багытталган жана өзгөрүүнүн себебин талдаган тарыхый изилдөөнүн негиги ыкмаларынын бири. Тарыхый окуялардын ортосундагы генетикалык байланыштарды түзүүнүн жана тарыхый өнүгүүнүн ар кандай баскычтарында тарыхый процесстердин, кубулуштардын, институттардын өзгөрүшүн изилдөөдө себеп натыжалаш байланыштарын ачып берет. Илимий изилдөө иштеринде тарыхый-генетикалык ыкманы колдонуу менен тарыхый процесстердин ортосундагы байланыштарды табууга жардам берет жана тарыхый фактылардын негизинде болуп өткөн окуяларды обьективдүү изилдөөгө өбөлгө болот.

Бул ыкма өзүнүн ички мазмуну боюнча негизинен тарыхый ireттүүлүк принцибине дал келет. Тарыхый-генетикалык ыкманын өзөгүндө сүрөттөө технологиясы басымдуулук кылат. Бул ыкманын алкагында панислам, пантүркчүлдүк идеялардын максаты, аларга байланыштуу фактыларды, аргументтерди түшүндүрүү, пайда болушунун себептерин, өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн жана натыйжаларын, кесепеттерин ачып берет.

**Фергана өрөөнүндө панисламизмдин жайылышы**

Панисламизм термини XIX кылымдын экинчи чейрегинде Осмон мамлекетинде пайда болгон. Буга чейин Европада башталган пангерманизм, панславизм иедологиялары буга таасир эткен. Анткени ошол учурда Европа өлкөлөрү мусулмандар жашаган Индонезиядан тарта Мараккого чейинки аймактарды басып алышкан эле. 1876-жылы Осмон дөөлөтүндө жаңы такка келген Султан II Абдулхамид имперализм жана оторчулуктан кутулунун тек жолу мусулмандардын биригүүсү, деген идея менен панисламизм саясатын баштаган. Ал халифаттык макамынан пайдаланып баардык ислам дүйнөсүн өз көзөмөлүнө алып, ипериалисттик өлкөлөргө каршы бир фронтто согушууну пландаган. Ал өзүнүн эскерүү дептеринде бардык мусулмандарды руханий жактан өзүнө баш ийдирүү үчүн сайид, шейх жана дербиштерди мусулман өлкөлөрүнө жибергенин жазат. Бул жашыруун кызматтагылар мусулман журту катары Түркстанга да жиберилген (II. Abdulhamit'in Hatırat Defteri, 1986, s. 75).

1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүшүндө Осмон мамлекетинин панисламдык чалгынчыларынын да колу болгонун окмуштуулар белгилешет. Түркстан генерал-губернаторлугуна тиешелүү архивдик документтерде, 1902-1910-жылдары Түркиядан Кыргызстанга көптөгөн саясий жана аскер адамдары келген. Алар кыргыз бийлери менен мамиле куруп, орус оторчулугуна карышы пропаганда жасашкан (Saparaliyev, 2017, s. 288). Алар Осмон султанынын башкаруу алдында биригип бир мамлекет курууну убадалашкан. Панисламизм таасиринде калган орто азиялык: эшен, молдо, сопу, мүриддер бир күн Түркстан орус оторчулугунан кутулуп, Осмон вассалында көз карандысыз бир мамлекеттин түптөлүшүнө терең ишенишкен (Чукубаев, 1967, с. 51). Анын үстнө түркстандыктарды панисламизм жана пантүркизм сыяктуу диинй жана улуттук тилектештиктен да Осмон империясынын бир убактагы дүйнөлүк күчү, шаңы, абройу да өзүнө тартып турган (Khalid, 2011, p. 452).

1908-жылы Осмон малекетиндеги төңкөрүштөн соң бийликке «Биримдик жана өнүгүү партиясы» келген. Бул партия пантүркчүлүк идеялогиясын туу туткан саясий уюм эле.

Партиянын башкаруу учурунда көптөгөн панисламдык жана пантүрктүк чалгынчы агенттер Орто Азияга агыла баштаган. Бул убакта Орусиядагы падышалык өкмөттүн мусулмандарга карата жүргүзгөн орусташтыруу жана христиандаштыруу саясатынанан улам пантүркизм идеологиясы да келип чыккан эле (Landau, 1995, p. 8). Осмондун Балкан өлкөлөрү менен согушта Фергана калкы тарабынан 23 миң рубль жардам жиберилген (Рустемов, 2011, 45-б). 1914-жылдын аягында Осмон империясы Орусия падышачылыгына карышы биринчи дүйнөлүк согушка кирген. Осмон бийлиги бул мезгилде Тешкилат-ы Махсуса деп аталган жашыруун чалгын комитетин кургандыгы белгилүү. Бул комитеттин чалгынчылары Орусиянын таасириндеги Орто Азияга жашыруун кирип, «Биримдик жана өнүгүү» партиясынын Анжиян менен Кокон шаарларында жергиликтүү уюмдарын уюштурууга жетишкен. Алар панисламизм жана пантүркизм идеялогиясынын негизинде Осмон мамлекетине калктан акча жыйнап жөнөтүп турушкан (Турсунов, 1962, с.150). Бул көрүнүшкө мисал катары Анжияндык Мир Камил Момунбай уулу аттуу бай Осмон мамлекетине 200 миң рубль жардам жөнөткөн (İnan, 1963, s. 30).

Тарыхчы Никишов мындай дейт: «*Кыргызстанда панисламизм жана пантүркизм пропагандасы күч алганы тууралуу бир топ далилдер бар. 1915-жылы Ош уездинин комиссары жергиликтүүлөр «терҗуман», «вакыт», «йылдыз», «итилят» аттуу газетеларды алып турушат. Уезде тез-тез Бухара жана Түркиядан пропагандачылар келип чогулуш өткөрүшөт. Согуш башталгандан бери Германия менен Түркиянын агенттерин Түркстан аймагына жөнөтө башташты. Түркия Иран жана Азербайжан аркылуу агенттерин жиберип, мусулмандардын Түркия жетекчилигинде бир мусулман мамлекетин курууга үндөп жатышат. Диний адамдар катары көрүнгөн бул адамдар кыргыз айылдарын кыдырып, падышаплык өкмөткө карышы пропаганда жүргүзүштү*» (Никишов, 1957, с.13).

1915-жылы Кавказдагы осмон-орус согушунда миңдеген түрк аскерлери орустардын колуна түшүп калган. Алардын көпчүлүгү Сибирдеги туткун лагерлеринде кармалган. Лагерден ыгын таап бошонгон түрк аскерлери Түркстанга келип, Осмон саясатын, панисламдык идеяларды жайылта баштаган. 1917-жылдагы февраль революциясынан кийин да лагерлерден көптөгөн түрк аскерлери бошонуп, көпчүлүгү Ташкентке келишкен (Razak uulu, 2023, s. 104). . Февраль төңкөрүшүнөн соң Шуро-и Ислам, Шуро-и Улама сыяктуу партиялар уюштурула баштаган. Орусия менен согушуп жаткан Осмон мамлекети Түркстанга дароо көптөгөн агенттерин жиберген. Кыргызстандын түштүк аймактарында 1917-жылдын май айында түрк жана немис агенттери убактылуу өкмөткө карышы жергиликтүү калкты көтөрүлүшкө үндөп жатканы байкалган (Никишов, 1957, с. 29). Ташкентке келген осмон-түрк аскерлери: ражы Чакыргөз, Зия Бей, Нури Бей, Хусаметтин Тугач, Казым Бей, Исаил Хаккы бей, Ремзи Бей, Хүснү Бей, Хилми Бей, Саадеттин бей жана башкалар Ташкент жана Фергананын шаар-кыштактарында мектептерге мугалим болуп кирип, мектептерди ачып, сабак берип ар кайсыл шаарларда уюмдаша башташкан (Bademci, 2008, s .49-51). 1917-жылы күздө түрк аскерлери Хайдар Азми жана Сулайман Сами жергилктүү калк менен биргеликте Иттихат жана Терраки (биримдик жана өнүгүү) партиясын негиздешкен. Бул Осмон бийлигинде турган партиянын Түркстанадагы өкүлчүлүгү катары түптөлгөн. Алар бул партиянын уюмдары Анжиян, Наманган, Фергана, Ош жана Өзгөн шаарларына чейин уюштурулган (Andican, 2009, s. 330).

1917-жылдын октябрь төңкөрүшүнө чейин Фергана чөлкөмүндө социалдык коомдук абал так ушундай эле. 1917-жылдын февраль төңкөрүшүнөн соң монархиядан республикалык

башкарууга өткөн Убактылуу бийлик Түркстанда демократиялык процесстердин башталышына абдан ыңгайлуу шарттарды түзүп берди. Мурда түркстандыктардын тарыхында эч качан мындай саясий мүмкүнчүлүк болгон эмес. "Басмачылар" кыймылынын башаты тээ февраль төңкөрүшүнөн соң, Түркстандын борбору эсептелген Ташкентте конфрантациялык саясий күргүштөгөн күрөштөрдүн туундусу болгон.

***Февраль төңкөрүшүнөн кийин Түркстандагы ислам кыймылдарынын активдешүүсү***

Февраль революциясынан кийин Орусиянын баардык жеринде уюмдашуу башталган. 1917-жылы 6-мартта орус келгиндери 19 мүчөдөн турган *"коомдук аткаруу комитетин"* курушкан. Булардын негизги мүчөлөрү орус социал революценерлер жана орус социал-демократ партиясынан эле. Алардын талабы менен Түркстан генерал-губернаторлугунун губеранатору Куропаткин кызматынан кетти жана кармалып, Петроградга жиберилди. Арель айында комитет чогулуш уюштуруп, "жумушчу жана аскер кеңешин" курушту. Бул кеңеш курултай өткөрүп Түркстанданы бийлик "жумушчу, аскер жана дыйкандарга өткөрүлүп берилиши керек деген маселени талкуулады. Алар Түркстандагы бийликтин мусулмандарга өтүп кетишинен абдан чочулашкан (Hayit, 1997, s.12).

Падышанын төңкөрүшүнөн улам Түркстандагы кырдаалды көргөн жергиликтүү лидерлер да аракетке өтүшкөн. 1917-жылы 14-март күнү Ташкент шаарында жадиддер жана уламалар кыймылдарынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн демилгеси менен "Шуро-Ислам" ("Ислам-Кеңеши") коомдук саясий уюму түзүлүп, Түркстандын коомдук саясий турмушуна активдүү катыша баштады. Бул саясий диний уюмдун кабыл алган Убактылуу жоболорунда реформатордук идеяларды жана Түркстан калкынын биримдигин чыңдоо жана бул уюмдун бөлүмдөрүн Түркстандын ар бир шаар, айылдарында уюштуруу, аймактык мусулман калкын бириктирип, алардын саясий аң-сезимине таасир этүү менен өлкөнүн коомдук саясий турмушуна активдүү катыштыруу каралган. Бул аракет адегенде жергиликтүү калк тарабынан кызуу колдоого алынып, уюмдун бөлүмдөрү Ош, Анжиян, Наманган, Скобелев ж.б. уюштурулган.

"Шуро-Ислам" уюмунун демилгеси менен 1917-жылы 16-21 апрелде Ташкент шаарында 42 аймактан 150 делегат катышкан Биринчи Бүткүл Түркстан мусулман курултайы өткөрүлгөн (Devlet, 1999, s.247). Курултайдын күн тартибинде: Убактылуу өкмөткө болгон мамиле; Россиянын Түркстанды башкаруу формасы; Уюштуруу чогулушун чакыруу маселеси боюнча даярдык; Түркстанда жергиликтуу граждандык жана диний башкаруу, шариат мекемелеринин болочогу; факуф, медересе, мектептердин жөнүндө; каржылык маселелер; падышалык доордон калган мекемелерди жаңылоо; Түркстандагы бардык мусулмандарды исламдык эрежелер боюнча башкаруу; азык-түлүк, жер-суу маселеси; дүйнөлүк согушка болгон мамиле; "Шуро-Ислам"дын аймактык масштабда биригиши жана бул уюмдун аткаруу комитетине болгон мамилеси; Россия боюнча жалпы мусулмандардын курултайына делегаттарды шайлоо жана башка маселелер коюлган.

Курултайда Россия демократиялык республикасынын бийлиги болгон Убактылуу өкмөткө ишеним артуу менен алардын кабыл алган Түркстанды маданий жана саясий өз алдынча башкаруу уктук статусту жергиликтүү саясий уюмдарга берүү боюнча демократиялык чечимин жана буржуазиялык-демократиялык реформаларды жүргүзүүнү колдоп чыкты. Ошондой эле мына ушул чечимге ылайык мүлктүк жана жерге болгон менчик

укугун, жергиликтүү калктын каада-салттарын сактоо, менен Россия демократиялык федеративдик республикасынын курамында теократиялык (диний) формадагы улуттук автономия куруу идеяларын сунуш кылышты.

Акыркы отурумунда борбордук жетектөөчү орган катары “Түркстан мусулмандарынын аймактык кеңешин” (Краймуссовет) шайлоо жөнүндө чечим кабыл алынды. 1917-жылы 12-июнда “Түркстан мусулмандарынын аймактык кеңешин” уставы кабыл алынып, уставга ылайык шаардык, оёздук (уездик), болуштук (волостной) мусулмандардын кеңеши жана башка коомдук уюмдар улутуна, таптык көз-караштарына карабастан, мусулман депутаттарынын Түркстан борбордук кенешинин (Марказий Шуро) карамагына өтүшөт турган болду. “Түркстан мусулмандарынын аймактык кеңешин” төрагасы болуп көрүнүктүү коомдук жана саясий ишмер Мустафа Чокай уулу (улуту казах), катчылыгына Ахмед Заки Валиди (улуту башкыр) шайланды, президиумунун мүчөлүгүнө жадиддик кыймылдын бир катар көрүнүктүү лидерлери шайланды. (Агзамхужаев, 2000, сс.38-40).

Бул курултайга Пишпек үйөзүнөн (уезд) Акматбек Койбагаровдун катышканы, анын мусулман калкынын ичиндеги аброюн жана аймактык саясий иштерге активдүү катышып турганынын далили (Кубатова, 2016, 122-123-бб). Айтмакчы, ошол учурда Түркстанды саясий башкаруу долбоору боюнча, Убактылуу өкмөттүн Түркстандын аткаруу комитети менен “Шуро-Ислам” саясий коомдук уюмунун ортосунда гана конструктивдүү диалог жүрүп жатты. Ал эми жумушчу жана солдаттардын Түркстан кеңешинин бул маселе боюнча позициясы али белгисиз эле.

Бирок, 1917-жылдын май-августь айларында дүйнөлүк согуштан мобилизацияланган түркстандык жергиликтүү орто катмар өкүлдөрүнун демилгеси менен Түркстандын бир катар шаарларында мусулман жумушчу депутаттарынын кеңеши, мусулман эмгекчилеринин Союзу түзүлүп, аймактарда профсоюздук уюмдар уюштурула баштады. Жадиддердин бул кадамдары “Шуро-Ислам” саясий коомдук уюмунун курамына кирген уламачылардын кызыкчылыгына туура келбеди. Ортодоксалдык исламдын жактоочулары болгон уламалар, Россияны ыктаган “Шуро-Ислам” саясий коомдук уюмунун буржуазиялык-демократиялык реформаларга каршылыгын көрсөтүштү. Уламалардын максаты шариат эрежелерин сактоо менен Россия демократиялык республикасынын курамынан баш тартып, өз алдынча ислам мамлекетин куруу эле. 1917-жылы июн айында уламачылар “Шуро-Ислам” саясий коомдук уюмунун чыгып, өздөрүнүн “Шуро-Улама” (“Диний башкаруучулардын кеңеши”) саясий диний уюмун негиздешти (Togan, 1981, s. 363).

Түркстанда түзүлгөн европалык жумушчу жана солдаттардын Түрстан советине, кеңири социалдык катмарды жана бир канча улуттун өкүлдөрүн камтыган Убактылуу өкмөттүн коомдук уюмдары менен аткаруу комитетине караганда “Шуро-Ислам” менен “Шуро-Улама” саясий коомдук уюмдары жергиликтүү калктын кызуу колдоосуна ээ болгондугун тарыхый булактар, архив материалдары тастыктап турат. Бул тарыхый факты советтик тарых наамада эске алынган эмес.

1917-жылы жай айындагы шаардык думага ат салышууда саясий партиялар жана уюмдар шайлоо марафонуна өздөрүнүн саясий платформасы, тизмеси менен чыгышты. Ташкент шаардык думага болгон шайлоого 16 саясий уюмдар катышып, 112 мандаттык орунга ат салышууда 62 мандатты “Шуро-Улама” (“Диний башкаруучулардын кеңеши”), 24 мандатты эсерлер, 11 мандатты “Шуро-Ислам”, 5 мандат социал-демократтар утуп алды. 74 мандат жергиликтүү калктын өкүлдөрүнө, 38 мандат европалык калктын өкүлдөрүно тийди.

Шайлоонун жыйынтыгы край боюнча чоң резонанс жаратты. Албетте Россия федеративдик демократиялык республикасынын курамынан баш тартып, өз алдынча ислам мамлекетин куруу идеясын тутунган “Шуро-Уламалардын” жеңиши, европалык саясий уюмдардын лидерлерин ойго салды. Ташкенттин жумушчу жана солдаттар депутаттар советинин мүчөсү Г.Цвилинг тынчсыздануу менен, саясий аң-сезими бышып жетиле элек элдин үстүнөн кайсы бир реакциялык күчтөрдүн үстөмдүгүнүн орношун, “контр төңкөрүшкө карай жол” катары белгилейт. (Туркестан в начале XX века: К истории истоков национальной независимости, 2000. с. 21-35)

1917-жылы 17-20 сентябрда “Шуро-Уламалардын” демилгеси менен Ташкент шаарында Түркстан жана Казакстан мусулмандарынын курултайы чакырылып, ага 500 ашуун делегат катышты. Курултайда 12-ноябрда боло турган аймактык Уюштуруу чогулушуна даярдык, ага тутунган идеясына, агымына карабастан татыктуу кандидаттарды тандап жиберүү боюнча бирдиктүү фронтто аракет кылуу ж, б маселелер талкууланды. Кандидаттарды тандоо, Россия федерациясынын курамында автономия түзүү маселелери боюнча “Шуро-Улама” менен “Шуро-Ислам” уюмдарынын ортосунда кызыл-чеке талаш тартыштар, пикир келишпөөчүлүктөр болду. Жайында Ташкенттеги шаардык думага болгон шайлоодо социал-демократтарга, эсерлерге көптөгөн мандатты алдырып жиберген катачылыктарын эске салышты. Аягында Түркстан аймагынын келечеги, тагдыры үчун эки саясий уюм компромиске келишти. Курултайда “Шуро-Улама”, “Шуро-Ислам” жана “Туран” саясий уюмдарынын биригүүсүнүн натыйжасында “Иттифок-и-муслимин (Мусулмандардын союзу) аттуу саясий партия түзүлдү.

Курултайда негизинен Түркстан аймагынын келечектеги саясий түзүлүшү жөнүндө маселе каралды. Кабыл алынган резолюцияда аймакта жашаган бардык улуттардын улуттук-маданий жактан өз тагдырын өзү чечүүсүнүн негизинде демократиялык Россия Республикасынын курамында аймактык автономиялуу федерация түзүү идеясы алдыга коюлган. Автономияга “Түркстан федеративдик республикасы” деген аталыш ыйгарылып, курултай парламенттик республиканын негизинде болочок башкаруу системасынын негизги принциптерин жана нормаларын аныктады.

Бул долбоордогу парламенттик башкаруу формасынын саясий тутуму кандай эле?

1. Республиканын негизги бийлик органы – мыйзам чыгаруучу (Туркстан парламенти.
2. Аткаруу бийлиги (Секретариат жана республикалык өкмөт)
3. Сенат атындагы “Махкама-и-Шария” (Мыйзамдар палатасы).

Бул бийликтин бутагы (“Махкама-и-Шария”) мыйзамдардын жана шарият талаптарынын аткарылышын көзөмөлдөө функциясына ээ болуу менен, Түркстан чөлкөмүндө жашаган бардык улуттардын милдеттүү пропорционалдуу өкүлчүлүгү аркылуу жалпы, түз жана жашыруун добуш берүүнүн негизинде шайланат (Агзамхужаев, 2000, 115-117-бб).

Октябрь төңкөрүшүнө чейин эле жергиликтүү диний саясий күчтөр Түркстанды башкаруунун парламенттик моделин Убактылуу өкмөткө сунуштагандыгын тарыхый документтер айгинелеп турат.

Бирок көп узабай эле “Шуро-Улама” саясий уюму бул кабыл алынган резолюцияны амбициялык жеке кызыкчылыгы менен четке кагып, Уюштуруу чогулуш шайлоосуна өз тизмеси менен барууну билдирип, бирдиктүү фронттон баш тартты. Негизи эле демократиялык Россия Республикасынын курамында деген жобо консервативдик

принциптерди тутунган “Шуро- Уламалардын” кызыкчылыгына туура келбеди шекилик. А либералдык принциптерди тутунган “Шуро-Исламчылардын”, убактылуу өкмөттүн буржуазиялык демократиялык реформаларын колдоого болгон чакырыктарын, жергиликтүү уюмдар жана жергиликтүү калк анчейин колдой бербеди. Кыскасы октябрь төңкөрүшүнө чейин жергиликтүү саясий диний уюмдар бийлик үчүн тирешип олтуруп консолидациялык саясий фронтко бириге албады.

1917-жылы 24-октябрда (6-ноябрь) Петроградда куралдуу көтөрүлүш башталып, эртеси көтөрүлүшкө чыккан жумушчулар, солдаттар, жана матростор стратегиялык маанидеги обьектилерди ээлеп алышкан. 25-октябрда (7-ноябрь) эртең менен аскердик-революциячыл комитет убактылуу өкмөттүн кулагандыгы жөнүндө жарыялады. Советтердин бүткүл россиялык II курултайы В.И. Ленин башында турган жумушчу-дыйкандардын биринчи өкмөтү - Эл Комиссарлар Советин шайлаган. Ушул мезгилден тарта большевиктер партиясы башкаруучу партияга айланды (Раджабов, 2018, с.9).

Фергана облусунун кеңеш бийлигин орнотуу маселеси 1917-жылы 6-7-декабрда советтердин Фергана ласттык VI сьездинде каралган. Анда меньшевиктер менен эсерлер басымдуулук кылышып, большиктерди катуу сынга алуу менен Кеңеш бийлигине каршы чыгышкан. Чындыгында бул өрөөнгө саясий мигранттардын жана келгиндердин колдоосу менен экспорттолуп келинген социалисттик революцияга (Сафаров, 1921, с. 117), диний агымдагы саясий уюмдардын айрым лидерлери, алгач либералдык позицияларын билдиришти. «Шуро-Ислам» уюмунун өкүлү А. Фитрат бул боюнча өз оюн мындайча билдирет: «Түркстандыктар үчүн эң маанилүү маселе, биринчиден, большевиктердин саясатына карата позицияны аныктоо. Большевиктер менен Керенскийдин өкмөтү тараптагылар жеке бийликке каршы чыгышып, эркиндиктин туусун көтөрүүдө. Булардын мындай позициясы мусулмандардын түпкү кызыкчылыгына дал келип жатат. Ошондуктан бир тараптагыларды колдоп, экинчи тараптагыларга каршы чыгуу акылга сыйбаган нерсе», жергиликтүү саясий күчтөрдү нейтралдык позицияга үндөп жатып, «так ушул линия биз үчүн коркунучсуз», деген позициясын билдирет. Андан ары Фитрат эки жакка төмөндөгүдөй мааниде кайрылат: «Биздин улуттук укугубузду басмырлабасаңар, биз силерге эч качан каршы чыкпайбыз, эч кимден коргонбойбуз жана эч кимди коргобойбуз» (Хуррият». -1917).

«Шура-Улама» уюму да 12-ноябрда крайдагы мусулмандардын кеңешмесин чакырышты. 515 делегат катышкан бул кеңешменин күн тартибине «Түркстандагы бийликти уюштуруу тууралу маселе» коюлуп, ага уламалардын лидери Шер-Али-Лапин төрагалык кылат. Кеңешмеге аймак боюнча бүткүл мусулмандардын III курултайы деген статус берилет. Курултай аягында 14 беренеден турган Түркстанда автономия курулушу тууралуу чечим кабыл алышат (Hayit, 1987, s. 297-299). Анда аймактык мусулмандар кеңешинин (Краймуссовет) төрагасы Мустафа Чокай уулу мусулмандардын большевиктер менен биригишине каршы чыгып, большевиктердин саясий ишмердүүлүгүн көзөмөлдөй турган мусулмандардын атайын башкаруу органын түзүү керек, деген билдирүү менен чыкты. Кабыл алган резолюциясында бийликтин большевиктерге өтүшүнө келишпес мамилесин билдирүү менен, «..*Европа калкынын өкүлдөрү тарабынан түзүлгөн учурдагы бийликтин саясаты жергиликтүү калктын түпкү кызыкчылыктарына дал келбейт. Европа калкынын өкүлдөрүнөн турган солдат, жумушчу уюмунун колуна бийликтин топтолушу демократиялык принциптерге жооп бербейт жана жергиликтүү калктын эркин укугун чагылдырган адилеттүү бийлик органын түзүүгө кепилдик бере албайт. ... мусулмандар өз*

*тагдырын өзү чечүү жолунда жана жалпы адамзат прогрессине Россиядагы төңкөрүш, саясий күрөш, жумушчулардын, дыйкандардын партиясын түзүү менен эле жетишүү мүмкүн эмес. Түркстан аймагындагы мусулмандар үчүн куранда жана шариятта көрсөтүлгөн эрежелерден башка жол жок. Ошондуктан Түркстандын жалпы калкынын 95% түзгөн (10 млн ашык) жергиликтүү калк, орус төңкөрүшү салтанаттуу түрдө жарыялаган эркиндик, теңдик, бир туугандык жана башка ураандардын негизинде улуттук-маданий өз алдынча мамлекет курууга укугу бар*», -деп жарыя кылды(«Наша газета», 1917).

Кеңешменин аягында коалициялык өкмөттү түзүү чечими кабыл алынган. Чечим боюнча аймактагы бийликтин долбоорунда «Түркстан өкмөттүк комитетиндеги» 12 орун төмөндөгүдөй бөлүштүрүлгөн: жумушчу жана солдат депутаттар кенешинин өкүлдөрүнө 3 орун, шаардык өзүн-өзү башкаруу (Аткаруу комитети) органына 3 орун, мусулмандар курултайын уюштурган демилгечилерге («Шура -Улама» уюму) 6 орун. Ал эми Өкмөттүк комитетти «Түркстан аймактык кеңеши» аттуу орган көзөмөлдөйт. Бул органдын курамы 10 адамдан туруп, 5 орун большевиктердин уюмунун жана Убактылуу өкмөттүн өкүлдөрүнө (социал-демораттарга), 5 орун мусулмандар уюмунун өкүлдөрүнө бөлүнгөн (Туркестанский вестник». -1917). Ошентип, курултай тарабынан сунуш кылынган коалициялык структурада түзүлгөн бийлик органынын долбоору, Түркстан аймагынын 5% ке жетпеген европа калкынын өкүлдөрүн камтыганы менен, башкаруунун теократиялык (диний) формасын сунуш кылышты. Ал эми диний башкаруу большевиктердин саясатына таптакыр карама-каршы экендиги белгилүү эмеспи. Мына ошентип советтик тарыхнаамада, андан соңку плюрализм мезгилинде басылып чыккан эмгектерде, диний-саясий агымдагы уюмдардын Кенеш бийлигине каршы позициясы, алгач 26-ноябрда мусулмандардын крайлык IV курултайында Кокон автономиясынын түзүлүшү менен ачыкка чыккан, деген аргументти айтып келишкен. Бирок, Кеңеш бийлигине карата позиция мусулмандардын аймактык IV курултайында эмес, андан эртерээк тагыраак айтканда мусулмандардын аймактык III курултайында белгилүү болгондугун, жогоруда бир катар тарыхый аргумент менен тастыктап бердик.

Бирок, бул курултайга удаалаш 15-ноябрда жумушчу, солдат жана дыйкан депутаттар кеңешинин да крайлык III Курултайы башталды. Анын күн тартибиндеги орчундуу маселе, албетте, крайдагы бийлик маселесине арналган эле. Ушул маселе боюнча большевиктер, солчул эсерлер, оңчул социалист-революционерлер жана меньшевиктердин ортосунда узакка созулган талаш-тартыштан соң 18-ноябрда уламалардын лидери Шер-Али Лапинге сөз берилди. Ал алгач мусулмандардын аймактык III курултайында кабыл алынган бийликтин коалициялык формада түзүлүшү жөнүндө резолюция менен курултай катышуучуларын тааныштырды. Өз тагдырын өзү чечүү принцибине таянып, *«мусулмандар бийликти толук бойдон өздөрү ээлеп алса болот эле, бирок мындай ишке барышпады Келгиндердин өкүлдөрүн да бийликке тарттык, анткени мусулмандар орус революциясы убада кылган өз келечегин өз алдынча аныктоо принцибине ишенет. Эгерде аймакта большевиктер гана бийлик жүргүзүп, биздин долбоордук сунушубузду четке какса, анда мусулмандар бийликтин III курултайына катышуудан баш тартат. Себеби мусулмандардын өнүгүү жолу таптакыр башка, ал куран жана шарияттын эрежелерине негизделген. Ошондуктан исламдын өкүлдөрү орустардын саясий партиясы менен бириге албайт. Бирок, жергиликтүү саясий уюмдар жалпы элге таянган бийликти колдойт»,* деп жарыялады (ААП Руз, ф.60, оп.1, д.1, л.1-2.). Бул курултайда диний багыттагы коалициялык бийлик түзүү сунушу эске алынбады. Ошентип, мусулмандардын курултайында иштелип чыккан бийликтин диний багыттагы

коалициялык башкаруу формасы жөнүндөгү долбоору, большевиктер тарабынан четке кагылды.

Курултайдын башынан эле большевиктер аймактагы бийлик жалаң пролетариат табынан түзүлүшү керек, деген позицияда болгон. Ал эми аймактагы пролетариат табынын курамында жергиликтүү калктын өкүлдөрү тилеке каршы абдан аз эле. Курултайда большевик Ф.И.Колесов: *..«жеңиш солдат, жумушчу жана дыйкан депутаттар кеңешине таандык, ошондуктан алар бийликти өз колдоруна алууга тийиш. ...Биз аймактагы бүткүл бийлик солдат, жумушчу жана дыйкан депутаттар кеңешине өтүшүн талап кылабыз»,* деп жарыялайт (Наша газета», 1917).

Курултайдын резолюциясынын долбоорунда *«аймактагы эң жогорку бийлик органы болгон жумушчу жана дыйкан депутаттар кеңеши мындан ары Түркстан аймагынын Эл Комиссарлар Кенеши, деп аталсын. Бул бийликтин түзүлүшүнө Октябрь төңкөрүшүнө катышкан солчул социалисттик партиялар гана катыша алат»,* деп жазылган. Большевиктер фракциясынын атынан И.О.Таболин мамлекетти башкаруу органдарына жергиликтүү калктын өкүлдөрүн тартуу боюнча төмөндөгүдөй пикирин билдирет: *«Азыркы учурда аймактагы революциялык бийликтин жогорку органдарына жергиликтүү мусулман өкүлдөрүн тартуу орунсуз, анткени түпкүлүктүү калк солдат, жумушчу жана дыйкан депутаттар кеңешинин бийлигине карата мамилеси таптакыр белгисиз бойдон калып отурат экинчиден, жергиликтүү калктын арасында пролетардык уюмдар жок, аймактагы жогорку бийлик органдарында алардын өкүлдөрү болсо, фракция аны куттуктамак эле»* (ААП Руз, ф.60, оп.1, д.1, л.5-6.).

Улуу державалык маанайда кабыл алынган декларацияда көрсөтүлгөн «большевиктер менен солчул эсерлердин ортосундагы макулдашылган келишим боюнча», Түркстан крайынын Эл Комиссарлар Кеңешинин өкмөттүк курамында 8 орун солчул эсерлерге, 7 орун большевиктерге бөлүнүп, Эл Комиссарлар Кеңешинин төрөгалыгына большевик Ф.И.Колесов шайланды. Ал Түркстандагы Кеңеш өкмөтүнүн биринчи башчысы катары В.И.Ленинге шашылыш түрдө төмөндөгүдөй мазмундагы телеграмма жиберди: *«Түркстан аймагынын Эл Комиссарлар Кенеши, сиздин бардык декреттериңизди ишке ашырууну негизги милдети деп эсептейт* (ААП Руз, ф. 60, оп.1, д.1, л. 7-28).

Ошентип, Түркстандагы Кеңеш өкмөтү алгач большевиктер партиясынын таптык-идеологиялык принциптеринин негизинде түзүлгөн. Жогоруда белгиленгендей, жергиликтүү саясий уюмдардын өкүлдөрү бул бийликтин структурасына киргизилбеди. Албетте, большевиктердин мындай биринчи кадамы аймактагы мусулмандардын саясий уюмдарынынын наразычылыгын туудурду.

*Түркстан автономиясынын жарыяланышы*

Ташкентте курулган большевиктердин Эл Комиссарлар Кеңешине бир да түрстандык мусулмандын кирбей калышы, эки партиянын наразычылыгын туудурду. Ташкентте европалык саясий партиялардын таасири күчтүү болгондуктан, мусулмандардын саясий диний уюмдары калың катмарынан моралдык колдоо издей баштады. Аларды колдоп кубаттаган аймак Фергана өрөөнү эле. Ошентип Шуро-Ислам жана Шуро-Улама мүчөлөрү Коконго чогула баштады (Çokay, 1988, s. 69). 1917-жылы 26-ноябрда наразы болгон жергиликтүү саясий уюмдардын демилгеси менен Кокон шаарында мусулмандардын чукул

IV курултайы чакырылды. Курултайдын уюштуруучулары албетте Россия республикасынын улуттук иштер боюнча комиссариатынын 2-ноябрда кабыл алган «Россия элдеринин укуктук декларациясы» сыяктуу мыйзамдарына таянышкан. Бул курултайга Фергана областынан 150, Сыр-Дарыя областынан 22, Самаркан областынан 21 адам чакырылган. Ага татарлар уюмунун, аймактагы еврейлердин Паолей Сион уюмунун жана европалык калктын өкүлдөрү катышкан (Çokay, 1927, s. 9).

Алымбек датканын небереси Ош үйөзүнө Жамшитбек Карабек уулу 1917-жылы 28-ноябрда Кокон шаарында өткөн жалпы мусулмандардын чукул чакырылган IV-курултайына да делегат болуп барып, Түркстан автономиялык өкмөтүнүн Убактылуу Элдик Кеңешинин мүчөсү болуп шайланган. Совет бийлиги орной элек кезеңде бул инсан Ош үйөзүнүн билим берүү бөлүмүнүн башчысы кызматын аркалап, үйөз боюнча жаңы орус тузем мектептеринин ачылышына салым кошкон жана реформачы мусулман агартуучулардын жадиддик (жаңы усулдук) билим берүүнүн жаңы системасын жайылтууда зор эмгек жасаган (Жаркынбаев, 2024, с.60). Демек мусулмандардын II курултайына Пишпек үйөзүнөн жадиддердин өкүлү катары Акматбек Койбагаровдун, IV-курултайына Ош үйөзүнө Жамшитбек Карабек уулу катышкандарын эске алсак, 1917-жылдан соңку саясий демократиялык жараяндарга кыргыздардын айрым өкүлдөрү деле кайдыгер болбогондугун байкайбыз.

28-ноябрда кабыл алынган декларацияда жарыяланган мамлекеттик түзүлүшкө Түркстан автономиясы деген статус берилди. Жаңы бийликтин структурасы төмөндөгүдөй тартипте аныкталды: Уюштуруу чогулушу чакырылганга чейин бийлик толугу менен Түркстандын убактылуу Кеңешинин жана Элдик (улуттук) жыйынынын колуна топтолот. Убактылуу Советтин Кеңешинин мүчөлөрү 12 орундан турган өкмөттүн курамын түзөт. Убактылуу мүчөлөрүн саны мурдагы Бүткүл Россиялык Уюштуруу жыйынына Түркстан крайынан делегат болуп барган депутаттардын санына жараша аныкталды (Туркестанский вестник, 1917). Ал эми Элдик (улуттук) жыйындын курамы 54 орундан турган. Анын ичинен 18 орун европа калкынын өкүлдөрүнөн турган ар түрдүү саясий уюмдарга ажыратылган. Чындыгында, Түркстанда 5%ти түзгөн европа калкынын кеңири катмарынын кызыкчылыгы эске алынуу менен түзүлгөн Автономиялык өкмөт диний багытта болгону менен, саясий мүнөзү боюнча Эл Комиссарлар Советинен (дээрлик европа калкынын өкүлдөрүнөн турган) демократиялуулугу менен өзгөчөлөнүп турган (Yaş Türkistan, 1930, s. 5).

Түркстан автономиясынын курулушуна Ташкент жана Ферганадагы осмон-түрк аскерлери да жардам беришкен. Алар айрыкча агартуу, уюмдашуу жана аскердик тармакта салым кошушкан. Алардын жардамы менен Түркстан автонимия өкмөтү Абиджан Махдум жана Мехмет Эмин Эфенди Заде аттуу кишилерди Осмон мамлекетине атайын элчи катары жиберген (Baysun, 1942, s. 31).

Бирок, бул автономиясы болгону үч ай эле жашады. Анткени автономия өкмөтүн түзгөн «Шуро-Исламчылар» менен «Шура-Уламачылардын» ортосундагы ички саясий тирешүүсү, автономиялык өкмөттүн өмүрүн кыскартты. Автономиялык өкмөттүн башчысы М.Тынышбаевдин ордуна жаңыдан дайындалган Мустафа Чокай, Түркстан Эл Комиссарлар Кенешинин Фергана облусунун өкүлдөрү менен тил табышуу аракеттери, «Шура-Уламачылардын» радикалдуу өкүлү, Кокон шаардык милициянын башчысы Кичи Эргеш тарабынан четке кагылды. «Шура-Уламачылар» М.Чокоевдин өкмөтүн кулатып, автономиялык өкмөттүн бийлигин толугу менен кичик Эргештин (насили кыпчак) колуна өткөрүп берди. Кичик Эргеш Кокон ханы деп жарыяланды. М.Чокоев өзүнүн жакын адамдары

менен Бухарага качып кетти. 17-февралда автономиялык өкмөттө чукул төңкөрүш жасалды. Өзүн хан деп жарыялаган Кичи Эргеш өз алдынча саясат жүргүзө баштады. Автономиялык өкмөттү колдогон «Шура–Ислам» саясий уюмунун (жадиддер), өнөр-жай буржуазиясынын бир топ өкүлдөрү «Шура-Уламалар» тарабынан камакка алынды. Кыйласы чет өлкөгө качып кетүүгө үлгүрдү. Ал эми соода буржуазиясы толугу менен кичик Эргештин бийлигин колдоп турду.

Кокондогу автономиялык бийликтин радикал кичик Эргештин колуна өтүшүнө байланыштуу Түркстан Эл Комиссарлар Кенеши чечкиндүү кадамдарга өттү. 18-февраль күнү саат 18 чамасында Кокондун темир жол станциясына Кичи Эргештин аскердик кошуунун талкалоо операциясын ишке ашыруу максатында Түркстан крайынын аскер комиссары Е.Перефильевдин (мурдагы поручик) жетекчилиги астында кавалерия, артиллерия жана жөө аскер бөлүгү жүктөлгөн 11 эшолон келип түштү (Алексееников, 1931, с. 65). Кокон үч тарабынан курчоого алынып. 12 артилериялык замбирек сокку урууга даярданды. 19-февраль күнү 10 саат 15 минутада Кичи Эргешке куралын тапшыруу менен багынуу тууралуу ультиматум жиберилди. Перефильев ультиматумдун жообун саат 13. 00гө берилишин талап кылды. 12 саат 45 минутада Кичи Эргештин совет бийлигинин жогорудагы шарттарын аткаруудан баш тарткандыгы тууралуу жооп келди. Е.Перефильев саат 13. 00 дө замбиректен ок атууга буйрук берди. Ок атуу караңгы киргенге чейин созулду. Эски шаардан ак желек көтөргөн делегация Е.Перефильевдин алдына келип: *«Биз өзүбүз куралдуу шайкалардын курмандыгы болдук. Бул окуяга биздин күнөөбүз жок, ок атууну токтоткула»,*-деген өтүнүч менен кайрылды. Комиссар бул өтүнүчкө көңүл бурбады. Ал, тескерисинче, «артилериялык соккудан бирөө да тирүү калбасын» (Наша газета, 1918), деген буйрук берди. 20-февраль күнү эски шаарга дашнактардын (армияндар) аскердик дружинасы менен Кызыл Аскердин пехоталык бөлүгү киргизилди.

Кокон 3 күн алоолонгон өрттүн алдында калып, 10 миңден ашык адамдын каны төгүлдү. Кыргын ушуну менен эле токтогон жок. 1918-жылдын биринчи жарымында облус боюнча 4500 адам дашнактар менен Кызыл гвардиячылардын кыргынын курмандыгы болду. Фергана өрөөнүндө ушул эле репрессиянын кесепетинен 180 кыштактын күлү асманга сапырылып өрттөлдү (Шамгадиев, 1961, с. 54).

Мына ошентип "Шуро-Ислам" диний саясий уюмунун Түркстан аймагында алгач Убактылуу өкмөттүн Түркстандагы аткаруу комитети, андан соң Кеңеш бийлиги менен орток коалициялык бийлик органын түзүү далалаты ишке ашпады. Коалициялык өкмөт түзүүгө башынан эле каршылыгын билдирип, Россиядан көз-карандысыз мусулман мамлекетин куруу идеялары менен шыктанган "Шуро-Уламалар" басмачылардын кыймылын толугу менен өз көзөмөлүнө алды.

Орто Азиядагы басмачылар кыймылынын башталышына себеп болгон Кокон автономиясынын талкалоодогу кандуу окуяларды камтыган инцидентке, Кеңеш өкмөтүнүн кандуу террордук куралдуу кадамы жол ачты. Түркстан аймагында басмачылар кыймылынын от алган очогу, дал ушул Фергана өрөөнү. Кийинчерээк Орто Азиянын башка аймактарына жайылды.

**Жыйынтык**

Макалабыздын жыйынтыгында биз кошуна өзбек окумуштуулары тарабынан сунушталган концепциянын айрым жоболоруна кошула албайбыз. Анткени, теократиялык формада түзүлгөн Кокон автономиясында кыргыздардын тагдыры жалпы мусулмандардын кызыкчылыгын коргоо принцибинин негизинде каралган. Саясий процесстерден оолак калган кыргыздар бул автономиянын курулушуна, алардын саясий күрөшүнө активдүү катыша алган эмес.

Кокондогу кандуу окуялардан улам от алган басмачылардын кыймылына тартылган көчмөн кыргыз урууларынын катышуу мотивинде диний фактор эмес, Кеңеш дооруна оторчулук доордон агылып өткөн агрардык жана жеринен ажырагандын (Кубанычбек уулу, 2023, 57-б) айынан чыккан нааразычылык факторлор мүнөздүү. Негедир Жетисудагы 1916-жылдагы көтөрүлүштүн өбөлгөлөрүнө үндөшүп турат. Адегенде элдик кыймыл катары мүнөздөлгөн басмачылардын кыймылын шыктандырган панисламдык жана пантүркчүлдүк идеология жергиликтүү калктын улутуна, этностук маданиятына, социалдык теңсиздиктерине, диний ишенимдерине карабастан калың катмардын башын бириктирүүгө жетишкен. Бул кыймылга көчмөн кыргыздар да активдүү тартылган.

Акырындык менен Кеңеш бийлиги чыңалып, кабыл алган декларациясынын Россия калкынын өз тагдырын өзү аныктоо укугуна ээ болуу, өз алдынча улуттук мамлекеттерин түзүү, азчылык улуттун эркин өнүгүүсү, элдердин эгемендиги жана теңдиги сыяктуу принциптер ишке аша баштагандан соң гана, басмачыларды колдоп кубаттаган жергиликтүү калктын саясий аң-сезими ойгонуп, кыймылды колдоодон баш тарта баштаган. Натыйжада, массалык колдоодон ажыраган панисламдык жана пантүркчүлдүк идеологияларынын түп тамыры, комунисттик идеологиянын таптык күрөш саясаты менен кыя чабылды. Албетте бул конфронтациялык тирешүүлөр кандуу террордук актылар менен коштолгон.

Чындыгында кыргыздардын саясий тагдырынын чукул бурулушуна Кокон автономиясына караганда, РСФСРын курамында Кара Кыргыз автономиялык облусунун (1924-жылы) түзүлүшүнүн саясий мааниси актуалдуу.

**Колдонулган адабияттар**

1. Агзамхужаев С. (2000). *Туркистон мухторияти.* Тошкент: АН. Уз Рес.
2. Алексееников П. (1931). *Кокондская автономия.* Ташкент: Узгиз.
3. Жаркынбаев Т.Ж. (2024). *Краткая история басмаческого движения в Ферганской долине (1918-1924 гг.) Архивные документы, материалы, фотографии и комментарий.* Ош: Кагаз ресурстары.
4. Зевелев А.И., Поляков Ю.А., Шишкина Л.В. (1986). *Басмачество: правда истории и вымесел фальсификаторов.* Москва: Мысль.
5. Кубанычбек уулу, Н. (2023). «Болуштук жана Болуштук Башкаруу: XIX к. аягы – XX к. башы (Кыргызстандын Түштүк Аймактарынын Материалдарынын Негизинде)», *Ош МУнун жарчысы,* №4, 48-60-бб.
6. Кубатова, А. (2012). *Кыргызстандагы жадидчилик кыймылы (1900-1916).* Бишкек: КР, УИА.
7. Никишов П.П. (1957). *Борьба басмачеством на юге Киргизии.* Фрунзе: Наука.

8. Пылев А.И. (2003). “Об идеологических течениях басмаческого движения в средней азии в начальный период (1918-1920 гг.)”, *Вестник СПбГУ*. Сер. 2, вып. 2 (№10). сс. Негизинен Орусиядагы пантүркизм падышалык өкмөттүн мусулмандарга карата жүргүзгөн орусташтыруу жана христиандаштыруу саясатынанан келип чыккан (Landau, 1995, p. 8). 29-34.
9. Раджабов, К. (2018). *Вооруженное движение в Туркестане против слветского режима (1918-1924).* Ташкент: Ламберт.
10. Рустемов, С. (2011). *Казак-Түрк байланыстары тарихинан.* Алматы: Отан тарихи.
11. Сафаров Г. (1921). *Колониальная революция (Опыт Туркестана).* Москва.
12. Туркестан в начале XX века: К истории истоков национальной независимости. - (2000). Ташкент: АН РУз.
13. Турсунов, Х. (1962). *Восстание 1916 года в Средней Азии и Казакстане*. Ташкент: Узбекский ССР издательства.
14. Усенбаев, К. (1967). *Восстание 1916 года м Киргизии.* Фрунзе: Наука.
15. Чукубаев, Абдыхан. (1967). *Классовая борьба и общественная мысль в Киргизии (1900-1917).* Фрунзе: Кыргызполиграфия.
16. Шамагдиев Ш.А. (1961). *Очерки истории гражданской войны в Ферганской долине.* Ташкент: АН Уз ССР.
17. Andican, Ahat. (2009). *Osmanlı’dan Günümüze Türkiye ve Orta Asya*. İstanbul: Doğan Kitapevi.
18. *Bademci, Ali. (2008). 1917-1934 Türkistan Milli Hareketi Ve Enver Paşa. Cilt I, İstanbul: Ötüken Neşriyat.*
19. Baysun, R. A. (1945). *Türkistan Milli Harekâtı*. İstanbul: Zaman Kitabevi.
20. Çokay M. (1927). “Hokand Muhtariyet Hakkında”, *Yeni Türkistan,* Sayı 7, ss. 7-11.
21. Çokay, Mustafa. (1988). *1917-Yıl Hatıraları*. neş. Prof. Saadet Çağatay, Ankara: Yaş Türkistan Neşriyatı.
22. Devlet, Nadir. (1999). *Rusya Türklerinin Millî Mücadele Tarihi, (1905-1917).* Ankara: TTK Yayınları.
23. Hayit, Baymirza. (1987). *İslam and Turkestan under Russian Rule,* İstanbul: Can Matbaa.
24. Hayit, Baymirza. (1997). *Basmacular Türkistan Milli Mücadele Tarihi (1917-1934),* Ankara: Türkiye Diyanet Vakfı.
25. İnan, Abdulkadir. (1963). “Türkistan’da 1916 Yılındaki Ayaklanma”, *Türk Kültürü,* Sayı 12, ss. 29-30.
26. Khalid, A. (1999). *The Politics of Muslim Cultural Reform Jadidism in Central Asia.* London: University of California Press.
27. Landau, J. M. (1955). *Pan-Turkism: From irrendentism to cooperation.* Bloomington: Indiana University Press.
28. Razak uulu, D. (2023). *XX. Yüzyılda Türkiye-Kırgızistan İlişkileri,* (Doktora tezi). Dokuz Eylül Üniversitesi, İzmir.
29. Saparaliyev, Döölötbek. (2017) “XX. Yüzyılın Başındaki Kırgız-Türk Siyasi İlişkiler Hakkında Osmanlı ve Rus Arşivlerinden Yeni Bilgiler”, *I. Uluslararası Geçmişten Günümüze Kırgızistan-Türkiye İlişkileri Sempozyumu Bildirileri*, 2013, 6-8 Mayıs. Bursa, ss. 287-296.
30. *Sulatn II. Abdulhamit’in Hatırat Defteri.* **(**1986). haz. İsmet Bozdağ, İstanbul: Pınar Yayınları.

31. Togan, Z. V. (1981). Bugünkü Türkili Türkistan ve Yakın Tarihi, İstanbul: Enderun Yayınları.

32. Yaş Türkistan, 1930, Nr. 13, s. 5.

**Архивдик документтер**

1. ААП Руз, ф. 60, оп.1, д.1, л. 7-28
2. ААП Руз, ф.60, оп.1, д.1, л.1-2.
3. ААП Руз, ф.60, оп.1, д.1, л.5-6.
4. ЦГА. РУз ф. Р-1747, оп. 1, д. 22, л.67.

**Мезгилдүү басылмалар**

1. Наша газета». –1918. -26-февраль.
2. Yaş Türkistan, 1930, Nr. 13, s. 5.
3. Туркестанский вестник». -1917. -1-декабрь.
4. «Наша газета». -1917. -9-ноябрь.
5. «Наша газета». -1917. -18-ноябрь.
6. «Туркестанский вестник». -1917. -25-ноябрь.
7. «Хуррият». -1917. -7-ноябрь.